ШОН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2023-жылдын 28-сентябры, № 508

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 26-майындагы № 136 «Балдардын мектепте акысыз билим алуу укугун ишке ашырууга мамлекеттик кепилдиктерди камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 26-майындагы № 136 «Балдардын мектепте акысыз билим алуу укугун ишке ашырууга мамлекеттик кепилдиктерди камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу, ошондой эле мектепте акысыз билим алууда окуп жаткандар үчүн зарыл болгон социалдык-экономикалык шарттарды түзүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарында акча каражаттарын мыйзамсыз чогултууга тыюу салынсын.

2. Мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарында акча каражаттарын мыйзамсыз чогултууга жол берген адамдар Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке тартылат деп белгиленсин.

3. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:

1) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитети менен макулдашуу боюнча белгиленген тартипте 2023-жылда мамлекеттик жалпы билим берүү уюмдарына оңдоого, кайтарууга жана зарыл болгон тиричилик предметтерин сатып алууга чыгымдарды ченемдик каржылоо боюнча жүз пайыз жабуу үчүн республикалык бюджеттен



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 28 сентября 2023 года № 508

**О реализации Указа Президента Кыргызской Республики «О мерах по обеспечению государственных гарантий реализации права детей на получение бесплатного школьного образования» от 26 мая 2023 года № 136**

В целях реализации Указа Президента Кыргызской Республики «О мерах по обеспечению государственных гарантий реализации права детей на получение бесплатного школьного образования» от 26 мая 2023 года № 136, а также создания необходимых социально-экономических условий для обучающихся при получении бесплатного школьного образования, в соответствии со статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Запретить незаконный сбор денежных средств в государственных и муниципальных общеобразовательных организациях.

2. Установить, что лица, допустившие незаконный сбор денежных средств в государственных и муниципальных общеобразовательных организациях, несут ответственность, предусмотренную законодательством Кыргызской Республики о правонарушениях.

3. Министерству финансов Кыргызской Республики:

1) по согласованию с Комитетом по бюджету, экономической и фискальной политике Жогорку Кенеша Кыргызской Республики в установленном порядке выделить в 2023 году денежные средства из республиканского бюджета на стопроцентное покрытие по нормативному финансированию расходов на ремонт, охрану и приобретение бытовых предметов, необходимых государственным

557 158 000 (беш жүз элүү жети миллион бир жүз элүү сегиз миң) сом өлчөмүндө акча каражаттарын бөлсүн;

2) мамлекеттик жалпы билим берүү уюмдарына оңдоого, кайтарууга жана зарыл болгон тиричилик предметтерин сатып алууга чыгымдарды ченемдик каржылоо боюнча жүз пайыз жабуу үчүн акча каражаттарын республикалык бюджеттен жыл сайын милдеттүү тартипте бөлүүнү карасын;

3) «Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024–2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун даярдоодо тиешелүү өзгөртүүлөрдү карасын.

4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарына оңдоого, кайтарууга жана зарыл болгон тиричилик предметтерин сатып алууга акча каражаттарын жергиликтүү бюджеттен жыл сайын бөлүүнү милдеттүү тартипте камсыз кылсын.

5. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.У. Жапаров**

общеобразовательным организациям, в размере 557 158 000 (пятьсот пятьдесят семь миллионов сто пятьдесят восемь тысяч) сомов;

2) в обязательном порядке предусматривать ежегодное выделение денежных средств из республиканского бюджета на стопроцентное покрытие по нормативному финансированию расходов на ремонт, охрану и приобретение бытовых предметов, необходимых государственным общеобразовательным организациям;

3) предусмотреть соответствующие изменения при подготовке проекта Закона Кыргызской Республики «О республиканском бюджете Кыргызской Республики на 2023 год и плановой период 2024–2025 годов».

4. Органам местного самоуправления и местным государственным администрациям, мэриям городов Бишкек и Ош в обязательном порядке обеспечить ежегодное выделение денежных средств из местного бюджета на ремонт, охрану и приобретение бытовых предметов, необходимых муниципальным общеобразовательным организациям.

5. Министерству образования и науки Кыргызской Республики принять иные меры, вытекающие из настоящего постановления.

6. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

7. Настоящее постановление вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Председатель**
**Кабинета Министров**
**Кыргызской Республики** **А.У. Жапаров**